**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2023, 22-37

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2023_1_3

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ЧЕК АРА КОНФЛИКТТЕРИ: УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ (КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ТАЖИКСТАНДЫН МИСАЛЫНДА) (ИЛИМИЙ ЭКСПЕДИЦИЯНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ)

ПОГРАНИЧНЫЕ КОНФЛИКТЫ В ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЕ: ТЕКУЩЕЕ СОСТОЯНИЕ И ПЕРСПЕКТИВЫ (НА ПРИМЕРЕ КЫРГЫЗСТАНА И ТАДЖИКИСТАНА) (РЕЗУЛЬТАТЫ НАУЧНОЙ ЭКСПЕДИЦИИ)

BORDER CONFLICTS IN THE FERGHANA VALLEY: CURRENT STATE AND PROSPECTS (ON THE EXAMPLE OF KYRGYZSTAN AND TAJIKISTAN) (RESULTS OF A SCIENTIFIC EXPEDITION)

**Бөтөнөев Жолдошбек Советбекович**
*Ботоноев Жолдошбек Советбекович*
*Botonoev Zholdoshbek*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*candidate of historical sciences, associate professor, Osh State University*

---

**Носиров Шерзодбек Исматуллаевич**
*Носиров Шерзодбек Исматуллаевич*
*Nosirov Sherzodbek Ismatullaevich*

**Улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*Старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior lecturer, Osh State University*

---

**Матназаров Султанбек Абдикаримович**
*Матназаров Султанбек Абдикаримович*
*Matnazarov Sultanbek Abdikarimovich*

**Окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*Преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*

---

**Абылкасым уулу Канатбек**
*Абылкасым уулу Канатбек*
*Abylkasym uulu Kanatbek*

**Окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*Преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*

**Акматов Керимбек Эркетаевич**
*Акматов Керимбек Эркетаевич*
*Akmatov Kerimbek Erketaevich*

**Магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*Магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's degree student, Osh State University*

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ЧЕК АРА КОНФЛИКТТЕРИ: УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ (КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ТАЖИКСТАНДЫН МИСАЛЫНДА) (ИЛИМИЙ ЭКСПЕДИЦИЯНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ)

**Аннотация**

Бул макалада Фергана өрөөнүндөгү (Кыргызстан менен Тажикстандын мисалында) чек ара конфликттеринин учурдагы абалы жана келечеги атайын илимий экспедициянын жыйынтыгына ылайык сөз болот.

***Ачкыч сөздөр:*** Фергана өрөөнү, Кыргызстан, Тажикстан, чек ара, анклав, эксклав, демаркация, делимитация, конфликт.

## *ПОГРАНИЧНЫЕ КОНФЛИКТЫ В ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЕ: ТЕКУЩЕЕ СОСТОЯНИЕ И ПЕРСПЕКТИВЫ (НА ПРИМЕРЕ КЫРГЫЗСТАНА И ТАДЖИКИСТАНА) (РЕЗУЛЬТАТЫ НАУЧНОЙ ЭКСПЕДИЦИИ)*

**Аннотация**

В данной статье рассматривается текущее состояние и перспективы пограничных конфликтов в Ферганской долине (на примере Кыргызстана и Таджикистана) в соответствии с результатами специальной научной экспедиции.

***Ключевые слова:*** Ферганская долина, Кыргызстан, Таджикистан, граница, анклав, эксклав, демаркация, делимитация, конфликт.

## *BORDER CONFLICTS IN THE FERGHANA VALLEY: CURRENT STATE AND PROSPECTS (ON THE EXAMPLE OF KYRGYZSTAN AND TAJIKISTAN) (RESULTS OF A SCIENTIFIC EXPEDITION)*

**Abstract**

This article examines the current state and prospects of border conflicts in the Fergana Valley (using the example of Kyrgyzstan and Tajikistan) in accordance with the results of a special scientific expedition.

***Keywords:*** Ferghana Valley, Kyrgyzstan, Tajikistan, border, enclave, exclave, demarcation, delimitation, conflict.

**Киришүү**

Дүйнөнүн саясий картасында дээрлик бир кылымдай жашаган, мурдагы биполярдуу системанын бири болгон Социалисттик блоктун башында турган СССР деген “Улуу Держава” 1990-жылдарга келгенде өзүнүн саясий жашоосун токтотуп, анын ордуна көз карандысыз, эгемендүү бир топ жаңы мамлекеттер пайда болгону баарыбызга маалым.

Мындай жаңы, көз карандысыз, эгемендүү мамлекеттер Борбордук Азиянын аймагында да түзүлүп, аларды бүтүндөй дүйнө коомчулугу тааныды.

1990-жылы 15-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Советинде “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө” Декларация кабыл алынып, Кыргызстан Советтер Союзунун курамындагы эгемен өлкө катары, ал эми 1991-жылы 31-августта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде “Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө” Декаларация кабыл алынып, Кыргыз Республикасы көз карандысыз, эгемендүү демократиялык мамлекет катары салтанаттуу жарыяланган.

1991-жылдын 12-октябрында Аскар Акаев жалпы элдик шайлоодо Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланган.

*Кыргызстандын жалпы территориясы - 198 500 км². Кыргызстандын чек арасынын жалпы узундугу 4598 чакырым. Ээлеген аймагы боюнча дүйнөдө 86 - орунда турат.*

*Түндүгүнөн 1113 км. жер Казакстан, чыгышынан жана түштүк чыгышынан 1049 км. жер Кытай, түштүк батышынан 972 км. жер Тажикстан жана батышынан 1374 км. жер Өзбекстан менен чектешет [1].*

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын тактоо боюнча да бир катар иштер жүргүзүлдү. Натыйжада, XIX кылымдын ортосунан Кытай менен чек арада талаш болуп келген жерлердин маселеси чечилди. Тарыхка кайрылсак, XIX кылымдын ортосунда Кытай жана Россия империялары өздөрүнүн баскынчы саясаттарынын натыйжасында, Орто Азия чөлкөмүндөгү жерлерди өз ара бөлүштүрүп алышкан. Эки империянын чек араларын тактоо иши 1860-жылы түзүлгөн Пекин келишими жана 1864-жылы түзүлгөн Чугучак токтому менен аныкталаган.

*Кытай менен Россиянын Кыргызстандын аймагындагы чекарасын аныктоо Петербург (1881), Кашкар (1882) жана Жаңы Маргалаң (1884) токтомдорунда каралган.* Бул сүйлөшүүлөрдүн бирине да кыргыз элинин өкүлдөрү катышкан эмес. Эки империя чек араларын тактоо ишинде кыргыз элинин кызыкчылыгын эске албастан, өздөрүнүн гана империялык кызыкчылыктарын көздөшкөн. Натыйжада, Кыргызстандын жери жана эли эки державага бөлүнүп, бир бөлүгүг Россияга, экинчиси Кытайга караштуу болуп калган. Совет бийлигинин доорунда, өзгөчө 1960-жылы Кытай Эл Республикасы СССРге чек ара маселелери боюнча бир катар дооматтарды коюп келеген. Бирок Кытай менен СССРдин ортосунда чек ара маселелери өзгөрүүсүз калган эле [2, 8, 9].

**А) Кыргыз-Кытай чек ара маселелери**

Кыргызстандын чек арасынын жалпы узундугу - 4598 чакырым, анын ичинен Кыргыз-Кытай чек арасынын узундугу 1071,8 чакырымды түзөт. Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосунда Кыргыз-Кытай чек арасы боюнча келишимге 1996-жылы 4-июлда кол коюлган. Ал эми экинчи бир, Кыргыз-Кытай чек арасы боюнча кошумча келишимге

1999-жылдын 26-августунда кол коюлган. 2003-жылдын 28-февралында Кыргызстандын Конституциялык соту аталган эки келишимди «мыйзамдуу түзүлгөн» деген чечим чыгарган [3].

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин гана бул маселени чечүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылды. 1990-жылдардан баштап бир катар иштер, эки тараптуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, Орус-Кытай мамилелеринин Кыргызстан чек арасына тиешелүү документтери өтө кылдаттык менен изилденди. 1996-жылы 4-июнда Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын делегациялары чек ара маселесин адилет, натыйжалуу чечүү жөнүндө документке кол коюшуп, чек араны тактоо боюнча иш баштады. Бул иште Кыргызстандын президенти А. Акаев жана Кытай Эл Республикасынын төрагасы Цзян Цземин чоң салым кошушту. Кылдаттык менен жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында талаш болуп келген жалпы аянты 4 миң чарчы километр жердин 70 % ы Кыргызстандын, ал эми 30 % ы Кытай Эл Республикасынын жери деп чечилип, эки мамлекеттин ортосунда жаңы чек ара сызыгы түзүлдү.

Чек ара боюнча бул келишим эки өлкөнүн мыйзам чыгаруу органдары тарабынан ратификацияланды. Кыргызстандын Кытай Эл Республикасы менен чек арасын тактап алышынын тарыхый мааниси чоң. Бул иште эки мамлекеттин тең кызыкчылыктары эске алынып, Кыргыз-Кытай чек арасында тынчтык жана бейпилчилик үчүн шарт түзүлдү.

**Орто Азиядагы алгачкы чекара бөлүштүрүүлөр**

Орто Азиянын аймагында жашаган мурдагы Хива, Кокон хандыктары, кийинки Россия империясынын Түркстан губернаторлугу түзгөн чек аралары так болгон эмес. Ошонун негизинде кийин Советтер Союзу 1924-жылы улуттук республикаларды түзүү маселесине киришкен. Ошол жылдын июнь айынан тарта улуттук-административдик бөлүү башталган. Ал иштин принциптери так берилгени менен, алардын аткарылышы так болбой калган.

Ал принцип кайсы улуттун өкүлдөрү көп болсо ошол жердеги айыл-кыштак республикага же автономиялык республикага тиешелүү болушу керек, деген талаптан турган.

Ал так аткарылбай, кыргыздар жашаган көп айылдар ошол кездеги Өзбекстандын аймагына кирип кеткен. Улуттук негизде чек ара так болбой калган. Мунун себебин Ильин деген Борбордук Аткаруу комитетинин эксперти так көрсөткөн. Улуттук курамды аныктоо иши жай мезгилинде жүргүзүлүп, элдин көбү ал кезде жайлоого чыгып кетишкен. Жакада көбүнчө башка улуттун өкүлдөрү калгандыктан алардан сурамжылап, ушулар көпчүлүктү түзөт экен деп, кошуна республикалардын аймагына кошуп ийишкен. Ильин ошону туура баамдап, справкасында жазып берген. Бирок, тилекке каршы, ал кийинки иштерде эске алынбай калган.

Биринчи жер бөлүштүрүүдө Лейлек району толугу менен, Баткен районунун үчтөн бири, Сүлүктү шаары Өзбекстанга кирип кеткен. Ошолорду көрсөтүп Жусуп Абдырахманов борбордук органдарга Сталиндин өзүнө чейин кайрылган. Ошол кездеги чек араны аныктоочу комиссиянын катарына бир да кыргыз, кыргыз таламын талашчу бир да адам кошулган эмес. Ал ишти аткарат деп алгач казак коомдук ишмери Турар Рыскулов, кийин болсо Мырза Галиев деген казак ишмери комиссияга кошулган. Кыргыздардын кызыкчылыгы корголбой калганын айтып, Кыргызстан жетекчилеринин бири Тойчинов Москвага чейин кат жазган. Анын, кыргыздардын кызыкчылыгы корголбой калды - деген пикирине эч кандай жооп болгон эмес.

Жерлерди тактоого, ошентип, алгач бир да кыргыз катышпай калган. Бирок, жергиликтүү жетекчилер кайра-кайра кат жазып отурушуп биртоп маселелерди такташкан. Көмүр кени чыккан Сүлүктү Кыргызстандын аймагына кошулган. Жусуп Абдырахманов Сүлүктүдө кыргыз шахтерлору көбүрөөк иштээрин, анын айланасында жалаң кыргыз кыштактары бар экенин далилдеген каттарынан соң, Лейлек, Сүлүктү, анан Баткен районунун биртоп жерлери кайтарылып берилген [4]. Бул иштин татаалдыгы, абдан жооптуу мезгилде алгач биздин өлкөнүн өкүлдөрүнүн ага катышпай калгандыгында.

Биз жана эки мамлекет менен чекарабызды салыштырмалуу тезирээк чечип алдык дегенибиз мындай. Кытай менен жер талаштын 1860-жылдардан бери келе жаткан тарыхы бар эле. Талаштын документтери бар эле. Анын негизинде талаштуу маселени чечүүгө мүмкүндүк болду. Анан бул жерде мамлекет башчыларынын саясий кадамдары чечүүчү мааниге ээ болду.

Ал эми Казакстан менен болсо болгону легитимдүү бир документ бар экен. Ошонун негизинде маселе талаш-тартышы жок чечилип кетти. Алмаштырылган жерлер боюнча саясий чайкоочулук жүрүп кеткенин баарыбыз билебиз. Антсе да ал маселени салыштырмалуу тезирээк чечтик. Ал эми Өзбекстан, Тажикстан менен чек аранын өзү 1924-жылдан башталып бүгүнкү күнгө чейин чечилбей келе жатат. Башында эле чек ара туура эмес чийилген. Анын туура эместигин калк да көрүп, кийинки чарбалык жашоосунда анын көбү өзгөрүлүп кеткен.

**Анклавдар** укмуш деле нерсе эмес. Дүйнө жүзүндө анын 300 дөн ашууну бар. Алардын онго жакыны Борбордук Азияда, Фергана өрөөнүндө. Бул чек араны бөлүштүрүүдөгү калпыстыктардан улам болуп калган нерсе. Чек ара бөлүштүрүүдө ойку-кайкы болуп кетпөө принциби бар. Мүмкүн болушунча чек аранын сызыктары түз кетиши керек. Бул талап, анан чек бөлүүдө улуттук принцип так сакталбай калган. Ошонун айынан анклавдар пайда болуп калган. Бүгүнкү анклавдардын төмөн жагында кыргыз айылдар болгон. Ал эми анклавдар болсо колхоздоштуруу, артелдештирүү кезинде өздөрүнүн улуттук республикаларына катталып, чарбалык чек аралар аркылуу бөлүнүп калышкан.

Муну саясатташтырып жиберүүнүн азабын биздин эл тартып атат. Маселен, Европада жашаган элдер анклавдарда жашаганы же жанында жашагандары анын эмне экенин билишпейт деле. Себеби мамлекеттер алардын жашоо ыңгайына ылайык келишимдерди түзүп коюшкан. Биздин мамлекет жетекчилери деле ошого барышса жакшы болмок. Чек араны өзүнчө чечип, анклавдар жашоосун келишимдер аркылуу түздөп койсо болот. Башка өлкөлөрдүн бул жааттагы тажрыйбасын, укуктук негиздерин алып бул ишти жөндөсө баарына жакшы болмок.

Бул - чоң талашка түшкөн тема. Ошол талаштуу жерди курчап турган эки тоо бар. Бири Борколдой, экинчиси Какшаал тоолору. Мына ошол чек араны картага түшүргөндө Советтер Союзу, кийин Кыргызстан чек араны Какшаалдын кыры аркылуу өткөрчүбүз. Ал эми кытайлар болсо түндүк тараптагы Борколдой менен өткөрүп, Үзөңгү-Кууштун алабын толугу менен өзүлөрүнө караштуу деп эсептеп келишкен. Биз болсо биздин жер деп, чек ара сызыгы кайсы жерден өтүшү, ошентип, талаш болуп келген. Алардын жүйөөсү бизди, биздики аларды ынандырган жок.

Мына ошондуктан, мунаса чечимге алардын, биздин саясий жетекчилер келишип, талаштуу жерди эки тарапка бөлүү маселеси келип чыккан. Талаштуу жердин 30% ы коңшу

мамлекетке 70% ы бизге караштуу болуп калды. 1860-жылдан берки талаш болуп келген Үзөңгү-Кууш маселеси ушундай.

Ал кездеги документтерди ошол жердин түзүлүшүн так билбеген адамдар жасаган. Так карта 1943-жылы Кызыл Армиянын топографтары келип аныкташкандан кийин гана белгилүү болгон [4].

Тарыхтагы географиялык катачылык ошондой чечилди.

**Б) Кыргыз-Казак чек ара маселелери**

Кыргызстандын түндүгүнөн 1113 км. жер Казакстан менен чектешет.

Эгемендик алгандан кийин расмий тастыкталган документтерге ылайык Каркыра жайлоосундагы 620 гектар жер казактарга өтүп кеткен. Азыр буга ылайык казак чек арасы 10 чакырымдай бери жылып, казак тарап катуу кайтарууга алган. Совет убагында кою короолош, жайыты жакалаш жүргөн кыргыздар эми ошол тосмо бекеттен бир карыш да ары аттай албай калды. Казактардын пайдасына чечилген бул келишимди казак парламенти 5 жыл мурда эле ратификациялаган.

Кыргыз-Кытай чек арасынан айырмаланып, Кыргызстан менен Казакстандын ортосунда талаштуу аймактар аз болгон. Ошондуктан, адистер «чек аранын бул бөлүгүндөгү иштер салыштырмалуу, жеңилирээк жүрдү», - дешет.

Кыргызстан менен Казакстандын ортосунда мамлекеттик чек араларды делимитациялоо жөнүндө Меморандумга 1998-жылы 17-июлда эки өлкөнүн президенттери кол коюшкан.

**Каркыра маселеси** көпчүлүккө анча түшүнүксүз маселе. Каркыранын алабы 190 миң гектар жер. 1930-жылы Кыргыз жана Казак АССРлеринин чек арасын бөлгөн Бүткүл союздук Аткаруу комитетинин документинде Каркыра эки республиканын эли биргелешип пайдаланчу жайлоосу деп көрсөтүлгөн экен. Ошол жерден чек ара өткөндө төмөн жактагы 130 миң гектар жери Казакстандыкы, 60 миң гектар жери, жогору жагы Кыргызстандын аймагы болуп калат. Ошол 190 миң гектар жер - Каркыра.
Элде айтылып жүргөн «берип ийиптир», «сатып ийиптир» - деген жер Сан -Таш айылынын жанында. Күңгөй Ала-Тоосу бүткөн жерде эки суунун ортосу 30-жылкы чек ара бөлүштүрүүдө Казакстанга берилген экен. А бирок, ал биздин айылга жакын, казактардын келишине ыңгайсыз болгондуктан, биздин эл пайдаланып жүргөн. Союз тарагандан кийин деле пайдаланып жүрүшкөн. Ал жердин аянты - 1136 гектар. Ошол жердеги элдин, биздин комиссияда иштеген Түп районунун өкүлдөрүнүн суроосу боюнча Кыргызстан тарап ушул маселени казак тарапка койгон. Биз пайдаланып келгенбиз, бизге бергиле деп.

Алар бир жыл ойлонуп, жерди жөн эле бере албастыгын айтышып, алмаштыруу сунушун айтышкан. Жергиликтүү элдин сунушу менен ошол Каркыранын өзүндөгү 625 гектар жерди (ошол жердеги бажы түйүнү турган жердин жанында) сунуш кылынган. Мал жайылчу тегиз жер болгон. Алар ойлонуп көрүп макул болушкан.

1700 гектар жер алмашылды. 1135 гектары Кыргызстанга, 625 гектары казактарга өттү. Маселе ушинтип жергиликтүү элдин жашоо ыңгайына жараша чечилсин – деп, ошондой чечимге барышкан. Болгону ушул. Ал жерде, «бирөө бирөөнө сатып ийди, берип ийди» - деген, жок.

Эң эле кыска жол, бул өлкөлөрдүн жетекчилери муну кандайча чечебиз? - деп макулдашуусу керек. Алар, директива беришсе, Өкмөттүк комиссиялар ошондон кийин өздөрүнүн ишин алып кетиши мүмкүн. Кандай болгон күндө да, бул өзү татаал маселе. Ал эми, Тажикстан менен деле маселе ошондой. Себеби, улуттук-административдик бөлүү болгон кезде Тажикстан Өзбекстандын, Кыргызстан Россиянын курамындагы автономия болгон. Ошондо Россия менен Өзбекстан ортосунда чек ара каралган. Азыр Өзбекстан менен Тажикстан колдонуп аткан документ бирөө эле. Ал, биздин позицияга туура келбейт. Аны түшүнүшүбүз керек.

Чечилбей аткан жердин көбү, Ала-Бука, Аксы, Кадамжай, Баткен, Лейлек райондорунда. Баткен облусунун бардык райондорунда келишпеген маселелер көп. Анан, өзгөчө маселелер Кемпир-Абат, Керкидон суу сактагычынын айланасында. Булар да көпкө созулуп кетиши мүмкүн. Себеби, ал жерлерде документтердин оюну болот. Карама-каршы документтер абдан көп. Аны эки тарап эки башкача түшүнүшөт, позициялары кайчы. Анан анклав маселелери. Муну саясатташтырбай, ошол жердеги элдин жашоосуна ыңгайлуу шарт түзүп, анан чек ара маселесин чечсе болот деп ойлойбуз. Бул жана биз айткан 4 принциптин бири.

Суу бөлүштүрүүчү түйүндөр, аны көп пайдаланган элдин ээлигине өтүш керек - деген принцип болгон. Кемпир-Абад, кийинки 70-жылдардагы иш. Аксы районунда жылкынын башындай болуп, оймо-чийме болуп кеткен жер ошондой болуп калган.

Чоң суулардын аймагына келгенде эле чек ара иймейип барып биздин аймакка кирип кетет. Тоодон чыккан сууну төмөн жактагы дыйканчылык кыла турган республикаларга тийиштүү кылыш үчүн, ошондой ишке барышкан. Кыйма-чийме болуп шырдактын оюмундай чек ара ошондон чыккан. Чек ара болушунча түзүрөөк кетсин деген принцип бузулган. Суу бөлүү принциби алдыга чыгып, негизги ролду ойноп кеткен. Аны деле, ойку-кайкы кылбай, тегиз чек ара чийсе болмок - деген адистердин пикири бар.

Тажикстан жана Өзбекстан менен чек ара тактоо боюнча сүйлөшүүлөр 2000-жылдардын башында башталганы менен, бир токтоп, кайра уланып аягына чыкпай келүүдө. Кыргыз-Өзбек Өкмөттөрү токтоп калган бул ишти өткөн 2010-жылдын жазында кайра жандантууга макулдашкан.

**В) Кыргыз-Өзбек чек ара маселелери**

Кыргыз-Өзбек чек арасынын узундугу алдын-ала эсептөөлөргө караганда 1378 чакырым. Учурда анын 697 чакырымы гана такталды. 320 чакырым жер аныктала элек. Кыргызстандын аймагында Өзбекстандын Сох, Шахимардан, Таш-Тепе, Чоң – Кара - Галча анклавдары да жайгашкан. 1999-2000-жылдардагы өздөрүн Өзбекстандын ислам кыймылы - деп атаган куралчан топтору Кыргызстанга кол салгандан кийин, Өзбекстан Сох анклавын курчай мина коюп салган. Баш-аягы 1999-жылдан бери минадан 14 жарылуу болуп, 2 киши каза таап, үчөө оор жаракат алган. Кыргыз тарап өзбекстандын миналарынан 7 миллион сом чыгым тартканын айтып келет.

Бирок, Өзбекстан менен болгон чек ара маселеси ушул күнгө чейин чечилбей, көпчүлүк учурда, бул мамлекет менен чектешкен аймактар, анклавдар саясий соодага айланып келе жатат.

**Г). Кыргыз-Тажик чек ара маселелери**

Кыргызстандын түштүк батышынан 972 км. жер Тажикстан менен чектешет. Анын 70 дей чакырымы талаш бойдон келүүдө. Бирок, Өзбекстанга окшоп эле, Тажикстан менен болгон чек ара маселеси да ушул күнгө чейин чечилбей, көпчүлүк учурда бул мамлекет менен чектешкен аймактар, анклавдар саясий соодага айланып келет. Тараптар ушул учурда чек араны делимитациялоону кайсы укуктук документтерге таянып жүргүзүү тууралуу бир пикирге келише албай жатат [5].

Тажикстандын Ворух эксклавы Баткен облусунун ичинде жайгашкан. Анклавга барчу жол чек арадагы кыргыз айылдарын аралап өтөт. Ворухтун калкынын саны 30 миңден ашуун, жер тартыш, эл жыш отурукташкан. Анын жанындагы Баткендин Ак-Сай айылынын калкы да, облустун борборуна баруу үчүн, Тажикстандын Ворухка чейинки эки-үч айылын аралап өтөт.

Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы талаштуу жер тилкелери негизинен Баткен облусуна таандык, айрыкча мындай жерлер облустун Ак-Сай айылдык округунда арбын.

- 2011-жылдын 13-ноябрында Кыргыз-Тажик чек арасын тактоо боюнча сүйлөшүүлөр Бишкекте болгон. Сүйлөшүүнүн жыйынтыгында бир катар талаштуу аймактар боюнча мунаса табылган. Бирок, чек ара аймагында жашаган тургундар сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгына канааттанган эмес.
- Тажикстандын тышкы иштер министринин орун басары Низомиддин Зохидов 2012-жыл, Кыргызстан менен чек араны тактоодо чечүүчү жыл болорун билдирген. Анын айтымында, Кыргызстан менен чек аранын 50 пайыздан ашыгы такталып бүткөн. Кыргыз Өкмөтү да Тажикстан менен чек араны тактоо иши жүрүп жатканын бышыктап, бирок, сүйлөшүүлөр туурасында кең-кесири маалымат берген эмес. Кыргызстан тараптан сүйлөшүүлөргө Өкмөттүн Чек араларды делимитациялоо жана чек ара аймактарын өнүктүрүү бөлүмүнүн жетекчиси Курбанбай Искандаров жетекчилик кылган. Мурда, Кыргызстандын Регионалдык маселелер боюнча бөлүмүн жетектеп, чек араны тактоо боюнча сүйлөшүүлөрдө кыргыз делегациясын жетектеп жүргөн Саламат Аламанов, бул маселени, келишүү аркылуу гана чечүүгө болот - деп эсептейт.
- Өзбекстан менен Тажикстан, талаштуу жерлерди 1924-27-жылдардагы документтердин негизинде чечебиз - деп келатышат. Ал эми, биз болсо, Тажикстан менен 1958-жылкы жана андан кийинки мыйзамдуу өзгөрүүлөрдү эске алуу менен чечебиз деп келгенбиз. Алар, биздин сунушту, биз алардын сунушту кабыл алчу эмеспиз. Эми, компромисске келип, адамдардын кайсы аймакта жашап жана кайсы тараптын жерин пайдаланып жаткан фактыларын эске алуу менен чечишибиз керек. Анда да, анализдерди жүргүзүшүбүз керек. Мисалы, ал жерлердин жалпы аянтын, сапатын эске алуу менен гана бөлүштүрүүгө жана чечүүгө болот.
- Кыргызстандын мурдагы вице-премьер-министри Токон Мамытов 2014-жылдын 7-январда Душанбе шаарында өткөн Кыргыз-Тажик сүйлөшүүсүндө, чек арада жашаган кыргыз, тажик айылдарында жашаган жарандарынын коопсуздугу тууралуу сөз болгон. Чек ара маселесин чечип атканда, кичинекей айыл-айыл болуп калган жерлерди мамлекет менен байланыштырган жол тууралуу да сөз болгон. Натыйжада тажик вице-премьери менен коомдук кырдаал курчуп кетпесин - деп

бир пикирге келишкен. Ошол жердеги эки өлкөнүн милиция, чек ара кызматкерлери күзөткө чыгышсын, кыргыз жана тажик жарандарынын бири-бирине кол көтөрүүсүнө жол берилбесин деген чечим кабыл алынган.

- Бул аймактагы Кыргыз-Тажик айылдары чырмалыша жайгашкан. Эки өлкөнүн чек арасын тактоо иштери, дал ушул чырмалышкан жерге келгени бир кадам да жылбай токтоп турат. Чек ара такталбай турушу эки өлкө жарандарынын ортосундагы чыр-чатактарга да себеп болууда. Өзгөчө акыркы жылдары бул аймак жаңжалдардын очогуна айланды. Чатак негизинен жер, жол, суу, жайыт маселесинен чыгат.
- 30 миңдей калкы бар Ворух анклавы да, ушул жерде. Ворухтун тегерегиндеги кыргыз айылдары мал-жанын ушул анклавды аралап алып өтүүгө аргасыз. Мурдараак, кошуналар мындай ачык каршылык көрсөтпөсө да, айылынан өтүп бараткан кыргыз жарандарына кыйыр түрдө кысым көрсөтүп келген. Ушундан улам, кыргыз тарап 2013-жылдын апрель айынын аягында Ак-Сай - Тамдык айланма жолун куруп баштап, бирок ал кошуналардын каршылыгынан улам токтоп калган. Анда да, жол тосулуп, бийликке талаптар коюлган. Бирок, маселе чечилген эмес.
- Баткендин Ак-Сай айылына баруу үчүн да, Тажикстандын Кожоаъло деген айылын аралап өтүүгө туура келет. Кыргызстан, мындан улам, көз карандысыз Көк-Таш - Ак-Сай жолун куруп, андан ары Ворухту айланып өтчү жолду улантууну көздөгөн эле. Тилекке каршы, тажик тарап буга да каршы чыгып, 2014-жылдын 11-январында чек арачылар ортосунда куралдуу кагылыш болгон. Ошондон кийин Кыргыз-Тажик чек арасы төрт айдай жабык турду.
- Ошентип, бул чөлкөмдө жыл башынан бери улам чыр-чатак чыгып, кошуналар бири-бирине тирешкендей маанай өкүм сүрүүдө. Ал арада бир канча жолу эки тараптуу сүйлөшүүлөр болгону менен кыргыз тарап жогоруда айтылган айланма жолдорду куруу боюнча кошуналар менен бир пикирге келгени байкалган жок.

**2022-жылдын 10-11-февраль күндөрү** Баткен облусунун Тажикстан Республикасы менен чектешкен аймактарындагы чекара конфликттеринин келип чыгышынын себептерин аныктоо максатында Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу илим-изилдөө институту менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун тарыхый-маданий мурастар бөлүмүнүн илимий кызматкерлери, студенттер жана магистранттардан турган жалпы 15 адамдандан түзүлгөн илимий экспедициялык топ Баткен облусунун Ак-Сай, Көк-Таш, Капчыгай, Ак-Татыр, Орто-Боз, Самаркандек, Согмент айылдарында жана Баткен шаарында болушуп, жергиликтүү тургундардан 20 суроодон турган анононимдүү анкеталарды алышып, видео интервьюларды жасашып, жергиликтүү жашоочулардын чыныгы жашоосу менен жеринен таанышып, чекара конфликттерин алдын-алуу, конфликттерди чечүүнүн жолдору боюнча сунуш-пикирлерин угуп келдик.

Социалдык сурамжылоого катышкан респонденттердин жаш куракктары 13 жаштагы мектеп окуучуларынан баштап, 75 жаштагы карыларга чейин жетти.

Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу илим-изилдөө институту тарабынан демилгеленип, уюштурулган илимий экспедициянын жыйынтыгы менен 2022-жылдын 28-апрелде "Фергана өрөөнүндөгү чекара конфликттери: учурдагы абалы жана келечеги" – деген

темада Эл аралык илимий-практикалык конференция офлайн жана онлайн форматында өтүп, кошуна Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан Республикаларынан дагы чекара конфликттери боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп келишкен окумуштуулар атайын баяндамалар менен катышышты.

Эл аралык конференцияга кошуна өлкөлөрдөн сырткары Кыргызстандын бардык аймактарындагы жогорку окуу жайларынан окумуштуулар өздөрүнүн илимий баяндамалары менен катышышып, жалпы 100гө жакын баяндамалар жасалып, конференциянын жыйынтыгында атайын резолюция кабыл алынып, Кыргыз Өкмөтүнүн тиешелүү кызматтарына жөнөтүлүү менен Чыгыш таануу институтунун “Чыгыш таануунун маселелери” илимий журналынан жарык көрүүгө сунушталды.

Илимий экспедицияда жергиликтүү тургундардан алынган анонимдүү анкетанын биринчи суроосу респонденттин анкетаны толтурган күнү, айы жылы, экинчи суроосу Баткен облусунун кайсы району экени суралса, ал эми үчүнчү суроосунан баштап конкреттүү суроолорго орун берилген.

Анкетанын үчүнчү суроосу “Сиздин оюңуз боюнча чекарадагы конфликттер эмне себептен чыгып жатат?” – деп аталып, ага жалпы сурамжылоого катышкан респонденттин токсону (90) чекара маселесинин такталбагандыгынан, он алтысы (16) чекара зымдарынын жоктугунан, он экиси (12) Тажикстан тарабынан провакация болгондугунан десе бир (1) респондент Кыргызстан тарабынан провакция болгондуктан чекара конфликттери чыгып жатат деп жооп беришкен.

Анкетанын төртүнчү суроосу “Сиз жашаган чекара айылындагы Кыргыз Өкмөтү түзгөн шартка канааттанасызбы” – деген суроого респонденттердин отуз жетиси (37) ооба, толук канааттанам, отузу (30) жок канааттанбайм, кырк сегизи (48) анчалык канааттанбайм деп жооп беришкен.

Ал эми бешинчи суроо “Сиз жашаган чекара айылында балдарыңыздын билим алуусу үчүн түзүлгөн шарт сизди канааттандырабы?” – деген суроого респонденттердин жетимиши (70) ооба канааттандырат, он сегизи (18) жок канааттандырбайт, отуз төртү (34) анчалык деле канааттандырбайт деп жооп беришкен.

Сурамжылоонун алтынчы суроосу “Сиз жашаган чекара айылында дарылануу үчүн түзүлгөн шарт сизди канааттандырабы?” – деген суроого респонденттердин кырк алтысы (46) ооба канааттандырат десе, отуз беши (35) жок канааттандырбайт, отуз сегизи (38) анчалык канааттандырбайт деп жооп беришкен.

Жетинчи суроо “Сиз жашаган чекара айылында таза суу маселеси чечилгенби?” – деп аталып, ага респонденттердин кырк жетиси (47) ооб, толук чечилген десе, отуз үчү (33) жок чечилген эмес, отуз сегизи (38) жарым-жартылай чечилгендиктерин билдиришкен.

Ал эми “Сиз жашаган чекара айылында үй-жайын сатып, башка аймактарга көчүп кеткендер барбы?” – деп аталган сегизинчи суроого респонденттердин жетимиш экиси (72) ооба, бар. Бирок, андайлардын саны абдан аз десе, отуз экиси (32) ооба, бар. Бирок, андайлардын саны абдан көп, он беши (15) жок. Баары ушул жерде эле жашашат деп жооп беришкен.

Анкетанын тогузунчу (9) суроосу “Сиз өзүңүздүн айылда канчалык деңгээлде коопсуз жашайм деп эсептейсиз?” – деп аталып, ага жалпы сурамжылоого катышкан респонденттердин кырк бири (41) толук коопсуз жашайм, эч кандай коркунуч жок деп жооп беришсе, элүү үчү (53) абдан кооптуу, коркунучта жашайм десе, ал эми жыйырма тогузу (29) өзүм жашаган айылдан башка жерге көчүп кетүүнү пландап жатам деп жооп беришкен.

Сурамжылоодогу онунчу суроо “Сиз өзүңүздүн жашаган айылыңыздын келечегин кандай элестетесиз?” – деп талып, ага респонденттердин жетимиш үчү (73) келечеги кең, жакшы элестетем десе, жыйырма беши (25) келечеги жок, жакшы элестете албай, он сегизи (18) айылда жашоо үчүн шарт жок, башка жакка көчүүнү пландап жатам деп жооп беришкен.

“Сиз жашаган айылыңызда кайсы телеканалдар көрсөтөт?” – деген он биринчи суроого токсон бир (91) адам Кыргызстандын бардык телеканалдары көрсөтөт, жыйырма алтысы (26) КТРК менен ЭлТРди гана көрөбүз, бир (1) адам Өзбекстан менен Тажикстандын телеканалдарын көрөбүз десе, бир (1) адам Кыргызстандын телеканалдарын көрө албайбыз деп жооп берген.

Анкетада көрсөтүлгөн “Смз жашаган айылыңызда интернет барбы, ылдамдыгы кандай?” – деген он экинчи суроого респонденттердин сексен төртү бар, абдан жакшы иштейт десе, алтоо (6) жок, жыйырма сегизи (28) бар, бирок абдан начар иштейт деген баасын беришкен.

“Сиз жашаган айылда контрабанда менен алектенгендер барбы?” – деген он үчүнчү суроого респонденттердин жыйрмасы (20) ооба, бар. Абдан көп десе, жыйырма беши (25) жок, контрабанда менен эч ким алектенбейт, алтымыш алтысы (66) билбейм, кабарым жок деген жоопторун беришкен.

Сурамжылоонун он төртүнчү суроосу “Сиз жашаган айылда буша чейин Тажикстанга жана Өзбекстанга мыйзамсыз түрдө товарларды киргизип, ал жактан бизше алып чыгып жүргөндөр болгонбу?” – деген суроого отуз бир (31) адам ооба, болгон. Андайлардын саны абдан көп болчу десе, он адам (10) жок, андайлар буга чейин болгон эмес, азыр деле жок, элүү үч (53) адам билбейм, кабарым жок, жыйырма үч (23) адам анча-мынча бирин-серин болгон деп жооп беришкен.

“Сиз Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда чекарада конфликт чыккан учурда кыргыз чекарачылары мени коргой алат деген ишеничиңиз канчалык деңгээлде?” – деген анкетадагы он бешинчи суроого элүү (50) адам абдан жогору, бизди чекарачыларыбыз бизди толук коргой алат десе, тогуз (9) адам тап-такыр ишеничим жок, бизди коргой албайт, элүү тогуз (59) адам билбейм, канчалык деңгээлде коргой алаарын деп жооп беришкен.

Анкетадагы он алтынчы “Сиз ушул күнгө чейин Тажикстан менен болгон чекара конфликттеринде жабыр тарттыэызбы?” – деген суроого респонденттердин алтоо (6) ооба, абдан жабыр тарттым. Жакындарымдан айрылдым. Үй-жайым өрттөндү десе, сегизи (8) жок, бир дагы жолу жабыр тартканым жок, кырк (40) адам ооба, моралдык-психологиялык жактан жабыр тарттым деп жооп беришкен.

Социалдык иликтөөнүн он жетинчи суроосу “Тажикстан менен чекара маселелерин чечүүдө кээ бир талаштуу болгон жерлерди алмашуу жолу менен чечүүгө сиздин пикириңиз кандай?” – деп аталып, ага респонденттердин он сегизи алмашуу жолу менен чечүүгө мен макулмун десе, элүү үчү (53) алмашуу жолу менен чечүүгө мен тап-такыр каршымын, элүүсү

(50) элдин пикирин эске алуу аркылуу, алмашуу менен чечкенге макулмун деп жооп беришкен.

“Тажикстан менен чекара конфликттерин алдын-алууда жана чечүүдө жергиликтүү бийликтин ишмердүүлүгүнө кандай баа бересиз?” – деген он сегизинчи суроого, респонденттердин кыркы (40) жогору баа берем, абдан жакшы иштеп жатышат десе, алтымыш сегизи (68) төмөн баа берем, эч кандай иш жок, конфликт чыккандан кийин иштешет деген бааларын беришкен.

Анкетанын он тогузунчу суроосу “Тажикстан менен чекаралаш айылдарда жашагандарды кыргыз Өкмөтү канткенде алар башка аймактарга көчүп кетпейт деп ойлойсуз?” – деп аталып, ага сурамжылоого катышкандардын токсон үчү (93) чекара маселесин толук чечкенде десе, он сегизи (18) чекара маселеси чечилбей эле, бирок Өкмөт жашоо үчүн толук шарт түзсө эч ким эч жакка көчүп кетпейт эле деген пикирин билдиришкен.

Ал эми анонимдүү анкетанын акыркы жыйырманчы суроосу “Кыргыз-тажик чекара маселеси жакынкы бир-эки жылда толук чечилет деп ойлойсузбу же тап-такыр чечилбейби?” – деп аталып, ага сурамжылоого катышкан жалпы респонденттердин алтымыш тогузу (69) бир-эки жылда чечилет деп ойлойм деген позицияларын билдиришсе, кырк беш (45) респондент чекара конфликттеринин чечилишине көзүм жетпейт деп баа беришкен.

Өзүңүздөргө маалым болгондой мына ушул анкетадан алынган жоопторго карап эле Баткен облусунун Баткен районунун чекара айылдарындагы калктын социалдык-экономикалык жана саясий абалы кандай экендигин, коопсуздук маселеси кандай курч экендигин, жергиликтүү тургундардын чекара конфликттерин кыска мөөнөттө чечип, тынч, коопсуз жашоого болгон үмүттөрү чоң экендигин көрүүгө болот.

Бул сурамжылоого Баткен районунун Ак-Сай айылынан жалпы элүү тогуз (59) адам катышса, алардын жыйырма экиси (22) он үч (13) жаштагы, он бири (11) он төрт (14) жаштагы, ону (10) он беш (15) жаштагы, алтоо (6) 16 жаштагы, алтоо (6) он жети (17) жаштагы мектеп окуучулары болсо, бирөө жыйырма үч (23), бирөө отуз үч (33), бирөө (1) кырк эки (42), бирөө (1) элүү тогуз (59) жаштагы тургундар болду.

Тилекке каршы Ак-Сай айылынын тургундарынын көпчүлүгү социалдык сурамжылоого катышуудан кескин түрдө баш тартышты. Алардын мындай баш тартууларын өздөрүнүн аттарын атагылары келбеген жергиликтүү тургундар жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн, өзгөчө күч структураларынын өкүлдөрүнүн суракка алуулары, кимдер менен сүйлөштүң, эмне деп маалымат бердиң? деген сыяктуу суроолору көп болот деп жооп берүүдөн баш тартышкан.

Мисалы Ак-Татыр айылынан дагы жалпы сурамжылоого элүү тогуз (59) адам катышса, анын ичинен он беш (15) жаштагы үч (3), он алты (16) жаштагы бир (1), он жети жаштагы (17) бир, он тогуз (19) жаштагы бир (1), жыйырма төрт (24) жаштагы бир (1), жыйырма жети (27) жаштагы бир (1), жыйырма тогуз (29) жаштагы бир (1), отуз жаштагы (30) үч (3), отуз эки (32) жаштагы төрт (4), отуз үч (33) жаштагы бир (1), отуз төрт (34) жаштагы бир (1), отуз беш (35) жаштагы бир (1), отуз жети (37) жаштагы үч (3), отуз сегиз (38) жаштагы бир (1), кырк (40) жаштагы төрт (4), кырк бир (41) жаштагы бир (1), кырк эки (42) жаштагы эки (2), кырк үч (43) жаштагы бир (1), кырк беш (45) жаштагы үч (3), кырк сегиз (48) жаштагы тогуз (9), элүү (50) жаштагы бир (1), элүү бир (51) жаштагы эки (2), элүү беш (55) жаштагы эки (2), элүү алты (56)

жаштагы бир (1), алтымыш төрт (64) жаштагы алты (6), алтымыш беш (65) жаштагы бир (1), алтымыш сегиз (68) жаштагы эки (2), жетимиш беш (75) жаштагы бир (1) адам болгон.

Мындан сырткары, социалдык иликтөөгө Көк-Таш, Самаркандек, Капчыгай, Сөгмент айылдарынын жана Баткен шаарынын тургундары дагы катышышып, өз пикирлерин билдиришкен.

Социалдык иликтөөлөрдү жүргүзүүдө респонденттердин жаш курактары, улуту, жынысы дагы абдан чоң мааниге ээ экендиги баарыңыздарга маалым.

Жогорудагы цифралардан эле сиздер өз алдыңыздарча дагы тыянак чыгарсаңыздар болот.

Жыйынтыктап айтканда Фергана өрөөнүндөгү чекара маселелери бүгүнкү күндөгү эң актуалдуу маселеге айланганы, аны токтоосуз түрдө чечүү учур талабы экени Кыргызстандын эле эмес, Тажикстан жана Өзбекстан Республикаларынын жарандарынын жана Өкмөт өкүлдөрүнүн дагы пикиринен билүүгө болот.

Фергана өрөөнүндөгү чекара конфликттеринин келип чыгышын жана аларды чечүүнүн жолдорун илимий жактан изилдөө үчүн дагы да көптөгөн илимий экспедицияларды уюштуруу зарыл деп эсептейбиз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Аламанов С.К. Краткая история и опыт решения пограничных проблем Кыргызстана. – Бишкек, 2005.
2. Алексей Гуня, Ян Кёлер, Кристоф Цюрхер. Эмпирические исследования локальных конфликтов. Часть 1. Введение в методологию и методы полевых исследований. Москва-Берлин 2008.
3. Вся Азия. Географический справочник. –М., 2003. С. 147.
4. Жумабаев Б. Памир Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш. –Бишкек, 2009.
5. http://www.azattyk.kg/content/kyrgyzstan_tadjikistan. Чек араны кимдер, кандайча аныкташкан? Жарыяланган учуру: 05.11.2010
6. http://www.azattyk.kg/content/kyrgyzstan_tadjikistan. Кыргыз-Тажик чек арасын тактоо кыйын жана узак. Жарыяланган учуру: 17.11.2011
7. Илимий экспедициянын материалдары. 10-11-февраль, 2022-жыл, Баткен.
8. Кулдышева, Г., & Мирзакаримов, Ф. (2023). Пограничная безопасность в системе национальной безопасности Кыргызской Республики. *Вестник Ошского государственного университета. Право,* 1(1), 86-96. https://doi.org/10.52754/16948661_2022_1_9. EDN: OAILPA.
9. Аликулов, Б.М. Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарына ылайык мамлекеттин аймагынын укуктук режими / Б. М. Аликулов // *Вестник Ошского государственного университета*. – 2021. – Vol. 2, No. 3. – P. 272-278. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_3_272. – EDN: AXSIXZ.

**ТИРКЕМЕЛЕР**





**Таблица №1**

**Баткен облусуна болгон илимий экспедициянын жыйынтыгы / сандык көрсөткүчтөр менен**

| № | «А» варианты | «Б» варианты | «В» варианты | «Г» варианты |
|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | |
| 2. | | | | |
| 3. | 90 | 16 | 12 | 1 |
| 4. | 37 | 30 | 48 | 1 |
| 5. | 70 | 18 | 34 | 1 |
| 6. | 46 | 35 | 38 | 0 |
| 7. | 47 | 33 | 38 | 0 |
| 8. | 72 | 32 | 15 | 0 |
| 9. | 41 | 53 | 29 | 0 |

**Баткен облусуна болгон илимий экспедициянын жыйынтыгы / сандык көрсөткүчтөр менен**

| № | «А» варианты | «Б» варианты | «В» варианты | «Г» варианты |
|---|---|---|---|---|
| 10. | 73 | 25 | 18 | 0 |
| 11. | 91 | 26 | 1 | 1 |
| 12. | 84 | 6 | 28 | 0 |
| 13. | 20 | 25 | 66 | 0 |
| 14. | 31 | 10 | 53 | 23 |
| 15. | 50 | 9 | 59 | 0 |
| 16. | 6 | 8 | 40 | 0 |
| 17. | 18 | 53 | 50 | 1 |

**Баткен облусуна болгон илимий экспедициянын жыйынтыгы / сандык көрсөткүчтөр менен**

| № | «А» варианты | «Б» варианты | «В» варианты | «Г» варианты |
|---|---|---|---|---|
| 18. | 40 | 68 | 15 | 0 |
| 19. | 93 | 18 | 0 | 0 |
| 20. | 69 | 45 | 0 | 0 |